Кыргыз адабияты сабагы 8 -класс

Сабактын темасы: **Жеңижоктун " Аккан суу" ыры**

Сабактын тиби: **Топ менен иштөө**

Сабакта колдонулуучу усулдар: **интерактивдүү усулдар( мазмун-маани, эссе,текс менен иштөө,элдик педагогика )**

Сабакта колдонулуучу каражаттар: **" Аккан суу" ырынын видиосу, барактар, карточка, макалдар,ватман,стикер.**

Сабактын максаты ж/а күтүлүүчү натыйжалар: **а) Жеңижоктун " Аккан суу" ырынан маалымат ала алышат.**

**Б) Ырдын маанисин түшүнүү менен алган билимдерин турмушта колдоно билишет.**

**В) Сууну туура пайдаланууга, бири-биринин оюн баалоого тарбиялана алышат.**

Негизги компетенттүүлүктөр:

1. **Жеңижоктун " Аккан суу" ырынан маалымат алышат.**
2. **Ырдын маанисин түшүнүшөт,алган билимдерин турмушта колдонушат.**
3. **Сууну туура пайдаланууга, бири-биринин оюн баалоого тарбияланышат.**

Предметтик компетенттүүлүктөр:

**1.Окурмандык компетенттүүлүк**

**2.Баалулук-дүйнө таанымдык компетенттүүлүк**

**3.Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк**

Сабактын жүрүшү:

| Сабактын этаптары | Убактысы | Мугалимдин иш-аракети | Окуучунун иш-аракети | Компетенттүүлүктөр | | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | НК | ПК | |
| Уюштуруу<br><br>Шыктан- | 5м | Саламдашуу,классты жоктоо,<br>жагымдуу маанай түзүү<br>Сабактын темасы айтылат, максаты талкууланат.<br>Класс 3 топко бөлүнөт.<br>1-топ " Аккан суу" тобу<br>2-топ " Жаккан суу" тобу<br>3-топ " Пайда суу" тобу<br>Баалоонун түрү айтылат.<br>Лидерлер өз тобундагы окуучуларга ар бир аткарган тапшырмасына баа берип турат. | Саламдашышат,кезметтеги окууу келбеген балдарды айтат. Жагымдуу маанайда жаман нерселерин силкип ташташып, сол жактан,оң жактан,мугалимден күлүү менен жакшы нерселерди алышат.<br><br>окуучуларга ар бир аткарган тапшырмасына баа топтошот. | НК3 | | Мактоо сөздөрү дайыма колдонулат.<br><br>Лидерлер өз тобундагы окуучуларга ар бир аткарган тапшырмасына баа |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| дыруу | | Ар бир топ таршырмасын иштеп бүткөндө желек көтөрөт. Тапшырмаларын айтып бүткөндө кол чаап,колдоп турушаары айтылат. | Ар бир топ таршырмасын иштеп бүткөндө желек көтөрөт. Тапшырмаларын айтып бүткөндө кол чаап,колдоп турушат. | | | берип турат. |
| Үй тапшыр-масын текшерүү | 5м | Жеңижоктун " Балалык", " Жалгыз тал менен сүйлөшүү" ырларын жатка айттыруу | Жеңижоктун " Балалык", " Жалгыз тал менен сүйлөшүү" ырларын жатка айтып беришет. | | К1 | Лидер баалайт |
| Жаңы темага актуал-дашты руу | 3м | Окуучулардан аккан суу деген эмне? экенин өз түшүнгөндөрү боюнча стикерге жаздырып чаптатуу | Окуучулар аккан суу эмне экенин өз түшүнгөндөрү боюнча стикерге жазып чапташат. | НК1 | К2 | Лидер баалайт |
| Жаңы билим дерди берүү | 20м | Жеңижоктун " Аккан суу" ырынан видио аркылуу үзүндү уктуруу.<br>Видиодон уккандарынан эстеп калышканы боюнча мазмуну / мааниси ыкмасы менен иштетүү. | Жеңижоктун " Аккан суу"ырынан видио аркылуу үзүндү угушат.<br>Видиодон уккандарынан эстеп калышканын 2ден 6 сапка чейин мазмунун жазышат,маанисин чечмелеп түшүндүрүп айтып беришет. | НК1 | К1 | Лидер баалайт |
| | | Топтук тапшырмалар:<br>1-топ " Аккан суу" тобуна<br>Бизде кандай аккан суулар бар,кайдан чыгат?<br>2-топ " Жаккан суу" тобуна<br>Аккан сууну кандай пайдаланабыз?<br>3-топ " Пайда суу" тобуна<br>Аккан сууну эмнеге пайдаланабыз? | Суроолорго топтогу окуучулар жоопторду өз ойлору менен жазышат,талкуулашат. | НК2 | К2 | Лидер баалайт |
| | | Текст менен иштөө:<br>Ушул суроолорго жоопторду Жеңижоктун айтканы боюнча кайра таптыруу | Текст менен иштешет:<br>Ушул суроолорго жоопторду Жеңижоктун айтканы боюнча китептен таап окуп беришет. | | К2 | Лидер баалайт |
| Бышык-тоо | 6м | 1)Элдик педагогикага кайрылуу:<br>Суу сыйлаган зор болор,<br>Суу кордогон кор болор.<br>Суусуз жашоо жок. | Окуучулардын болжолдуу жооптору айтылат.<br>Чечмелеп беришет. | НК3 | К2 | Лидер баалайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Сууну ысырап кылба!<br>Сууга түкүрбө!<br>Эл башы болгончо,суу башы бол.<br>Сууну таза пайдалан!<br>Суу  өмүр булагы.ж.б.<br><br>2)Аккан суу боюнча ар бир окуучу 5сүйлөмдөн турган чакан эссе жаздыруу. | Эссе жазышат,бири-бири менен алмашып окушат,топтогу мыкты деп табылганын окушат. | | К3 | Лидер баалайт |
| Жыйынтыктоо | 3м | Аккан сууну Жеңижоктун айтканы менен стикерге жаздырып чаптатуу. | Аккан сууну Жеңижоктун айтканы менен стикерге жазышып чапташат | НК1 | К3 | Лидер баалайт |
| Кайтарым байланыш | 1м | Темадан толук түшүнүк алдым дегендер оң колун көтөрүшөт,кээ бир жерлерин билбей калдым дегендер сол колун көтөрүшөт, түшүнбөй калдым дегендер тынч отуруп калышат.<br>Сууну туура пайдаланууну билдим,турмушта билем дегендер да ушундай жол менен ишке ашат. | Түшүндүрүлгөн боюнча жооп кылышат. | | | |
| Баалоо | 2м | Лидерге баалатуу,лидерди башка лидерге баалатуу<br>Коментарий берүү | Лидер топту чогулткан баалары аркылуу баалайт | НК3 | | Лидер жыйынтык чыгарат. |
| Үй тапшырма берүү | | " Аккан суу" ырынын 8-12, 14- ыр турмөктөрүн көркөм окуу,ыр менен толук таанышуу, суроолорго жооп берүү | | | | |